**УДК: 373.2**

***Борбуева Н. Н., Жаңыбаева М. А.***
*Борбуева Наргиза - магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ;*
*Жаңыбаева Майрамкүл – ф.и.к., доц.м.а., Ж, Баласагын атындагы КУУ*

# ЖОМОК КАРАЖАТТАРЫН КОЛДОНУП БАЛДАРДЫН КЕБИН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН ИЗИЛДЕНИШИ

# ИССЛЕДОВАНИЕ РАЗВИТИЯ РЕЧИ ДЕТЕЙ С ИСПОЛЬЗОВАНИЕМ СРЕДСТВ СКАЗОК

# RESEARCH DEVELOPMENT LANGUAGE DETAIL USING TOOLS STORY

***Аннотация.*** *Бул макалада элдик оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрүн, атап айтканда жомокторду колдонуу аркылуу балдардын кептик ишмердүүлүгүн өнүктүрүү проблемасы талкууга алынат. Автор педагогика илиминде ушул багытта жүргүзүлгөн илимий изилдөөлөргө көңүл буруп, алардын абдан кеңири маселелер чөйрөсүн камтыганына токтолот.*

***Аннотация.*** *В данной статье рассматривается проблема развития речевой деятельности*

*детей посредством использования образцов устного народного творчества, в частности, сказок. Автор обращает внимание на научные исследования, проводимые в этом направлении в педагогической науке, и указывает, что они охватывают очень широкий круг вопросов.*

***Abstract.*** *In this article, the problem of developing children's speech activity through the use of examples of oral folk art, in particular, fairy tales, is considered. The author draws attention to scientific research conducted in this direction in pedagogical science, and indicates that they cover a very wide range of issues.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *бала, жомок, каражат, кеп, кеп ишмердүүлүгү, өнүктүрүү, элдик оозеки чыгармачылык.*

***Ключевые слова:*** *ребенок, сказка, средства, речь, речевая деятельность, развитие, устное народное творчество.*

***Key words:*** *child, fairy tale, tools, speech, speech activity, development, oral folk art.*

Жомок каражаттарын колдонуу аркылуу балдардын кебин өнүктүрүү маселеси мурдатан педагогика илиминин изилдөө объектисин түзүп келген. Бул жаатгагы изилдөөлөрдү О. В. Акулова (1999), М. Н. Братухина (2000), М. И. Корякина (2002), Л. Л. Лашкова (2000), В. Н. Лукьяненко (2003), Т. В. Меркурьева (2012), М. М. Никеева (2006), А. Ю. Никитченков (2002), О. Н. Пищухина (2000), И. В. Семенченко (2005), Л. А. Сидорова (2001), И. С. Трыгуб (2006), Ф. Р. Хабибрахманова (1997) ж.б. окумуштуулар жүргүзүп, тиешелүү илимий натыйжаларды алышып, өздөрүнүн практикалык сунуштарын беришкен. Аталган илимий изилдөөлөргө кыскача болсо да кайрылып өтөлүк.

О. В. Акулованын кандидаттык диссертациясы «Устное народное творчество как средство развития выразительности речи старших дошкольников» деген аталышта аткарылган. Мында мектепке чейинки курактагы улуу тайпадагы балдардын кебинин көркөмдүүлүгүн өнүктүрүүнүн каражаты катары элдик оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрүн колдонуунун теориялык негиздери, мектепке чейинки курактагы улуу тайпадагы балдардын элдик оозеки чыгармачылыктын туундуларын аткаруу процессиндеги кептик көркөмдүүлүктүн каражаттарын түшүнүүсү менен колдонуусунун өзгөчөлүктөрү, мектепке чейинки курактагы улуу тайпадагы балдардын кебинин көркөмдүүлүгүн өнүктүрүү максатында элдик оозеки чыгармачылыктын туундуларын колдонуунун педагогикалык шарттары кеңири каралып, маанилүү тыянактар чыгарылган [1].

М. Н. Братухинанын кандидаттык диссертациясы “Устное народное творчество как средство формирования творческой активности детей 5-6 лет” деген темада ишке ашырылган. Бул эмгекте балдардын чыгармачылык активдүүлүгүн калыптандыруунун теориялык негиздери аныкталган, элдик оозеки чыгармачылыктын жардамы менен мектепке чейинки улуу курактагы балдардын чыгармачылык активдүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары талкууланган [2].

М. И. Корякинанын кандидаттык диссертациясы “Формирования основ межкультурного общения младших школьников средствами народных сказок” деген темада иштелген. Ал өзүнүн эмгегинде чет тилине окутуп-үйрөтүү процессинде кенже мектеп окуучуларынын этномаданий жана полимаданий билим алуусунун өз ара аракеттешүүсүн педагогикалык проблема катары караган, элдик жомокторду кенже мектеп окуучуларынын бөтөн тилдүү кеп ишмердүүлүгүндөгү маданият аралык баарлашуусун калыптандыруунун каражаты катары сунуштаган [3].

Л. Л. Лашкованын кандидаттык диссертациясы «Воспитание культуры речи у старших дошкольников средствами народной педагогики» деген темада иштелген. Бул эмгекте мектеп жашына чейинки курактагы балдардын кеп маданиятын тарбиялоо проблемасынын теориялык аспектилери, мектепке чейинки курактагы улуу тайпадагы балдардын кеп маданиятынын өзгөчөлүктөрү менен деңгээлдерин аныктоо боюнча эксперименттик ишти жүргүзүү, мектепке чейинки курактагы улуу тайпадагы балдардын кеп маданиятын тарбиялоонун педагогикалык технологиясы жөнүндө кеңири изилдөө жасалган [4].

В. Н. Лукьяненконун кандидаттык диссертациясы «Приобщение детей старшего дошкольного возраста к народной культуре в художественной деятельности: на материале сказок» деген аталышта аткарылган. Бул эмгекте жомок элдин баалуулуктарын чагылткан

маданий феномен катары каралып, балдарды көркөмдүк-чыгармачылык ишмердүүлүктө элдик маданияттын баалуулуктарына чукулдатуунун мазмуну менен усулдары талданган [5].

Т. В. Меркурьеванын кандидаттык диссертациясы “Методика работы с авторской сказкой в соотнесении с фольклорными источниками на уроках литературного чтения в начальных классах” деп аталат. Ал өзүнүн изилдөөсүндө жомок материалын окуп-үйрөнүүнүн теориялык аспектилерин талдап чыккан, башталгыч класстардагы адабий окуу сабактарында автордук жомок жана анын фольклордук булактары менен иштөөнүн методикасын сунуштаган, эл аралык жомоктук сюжеттин алкагында автордук жомокту жана анын фольклордук булагын комплекстүү окуп-үйрөнүүнүн майнаптуулугуна эксперименттик текшерүү жасаган [6].

М. М. Никееванын кандидаттык диссертациясы «Формирование основ нравственных представлений у младших школьников посредством народных сказок» деп аталат. Окумуштуу өзүнүн бул изилдөөсүндө кенже мектеп окуучуларында элдик жомоктордун аркасында адеп-ахлактык түшүнүктөрдү калыптандыруунун теориялык негиздерин кенен карап чыккан, кенже мектеп окуучуларында элдик жомоктордун жардамы менен адеп-ахлактык түшүнүктөрдүн негиздерин калыптандыруу боюнча эксперименттик иштин жүрүшүн баяндап берген да, эмгектин аягында өзү келген тыянактарды тааныштырган [7].

А. Ю. Никитченковдун кандидаттык диссертациясы «Развитие читательских умений младшего школьника в процессе работы с художественным миром произведений русского фольклора» деген темада аткарылган. Бул изилдөөдө анын филологиялык негиздери көрсөтүлгөн, орус фольклорунун көркөм дүйнөсү ачылган, изилдөөнүн психологиялык-педагогикалык негиздери аныкталган, азыркы башталгыч мектепте элдик оозеки чыгармачылыктын туундуларынын көркөм дүйнөсүнүн үстүнөн иштөөнүн методикасы сунушталган, башталгыч мектептин бүтүрүү классында фольклордук тексттердин көркөм дүйнөсү менен иштөө процессинде окуучуларда окурмандык билгичтиктерди өнүктүрүү тажрыйбасы тааныштырылган [8].

О. Н. Пищухинанын кандидаттык диссертациясы «Влияние волшебной сказки на словесное творчество детей седьмого года жизни» деген темада аткарылган. Мында мектепке чейинки курактагы улуу тайпадагы балдардын сөздүк чыгармачылыгын калыптандыруунун теориялык негиздери, кереметтүү жомоктордун жети жашар балдардын сөздүк чыгармачылыгын калыптандыруунун каражаты катары ролу, ушул курактагы балдарды жомок ойлоп чыгарууга үйрөтүү маселелери кеңири талданылган [9].

И. В. Семенченконун кандидаттык диссертациясы «Психолого-педагогическое изучение и коррекция восприятия и понимания невербальной информации младшими школьниками с нарушением интеллектуального развития: на материале сказок» деген аталышта ишке ашырылган. Ал өз эмгегинде кенже мектеп окуучуларынын вербалдык эмес маалыматты кабыл алуу жана түшүнүү проблемасынын теориялык-практикалык иштелишине талдоо жасаган, эксперименттик шарттарда интеллектуалдык өнүгүүсү ченемдүү, кармалган жана бузулган кенже мектеп окуучуларынын вербалдык эмес маалыматты кабыл алуусу менен түшүнүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн аныктаган, аягында VIII түрдөгү атайын коррекциялык билим берүү мекемесинин окуу-тарбия процессинин шарттарында “Интеллектуалдык өнүгүүсүнүн бузулуусу бар кенже мектеп окуучуларынын вербалдык эмес маалыматты кабыл алуусу менен түшүнүүсүн педагогикалык коррекциялоо” программасын колдонуунун майнаптуулугун далилдеген [10].

Л. А. Сидорованын кандидаттык диссертациясы “Использование народных сказок в нравстенном воспитании детей старшего дошкольного возраста” деген темада аткарылган. Бул эмгекте элдик жомокторду колдонуу аркылуу мектеп жашына чейинки курактагы балдарды адеп-ахлактык тарбиялоонун теориясы менен практикасы аныкталган, элдик жомокторду колдонуп мектеп жашына чейинки курактагы балдарды адеп-ахлактык тарбиялоонун педагогикалык шарттары талкууланган [11].

И. С. Трыгубдун кандидаттык диссертациясы «Лингвометодический потенциал народных сказок в обучении русскому языку как иностранному младших школьников» деп аталат. Бул изилдөөдө кенже мектеп окуучуларын чет тилине окутуп-үйрөтүүнүн психологиялык-педагогикалык өзгөчөлүктөрү, кенже мектеп окуучуларына орус тилин чет тили катары окутуп-

үйрөтүүдө жаныбарлар жөнүндө элдик жомоктордун тексттерин колдонуу, орустун жаныбарлар жөнүндөгү элдик жомокторунун балдар аудиториясында кабыл алынуусу маселелери кеңири талкууланган [12].

Ф. Р. Хабибрахмpraнованын кандидаттык диссертациясы «Контекстное обучение иноязычной коммуникации детей младшего дошкольного возраста: на материале сказочного сюжета английского языка» деген темада ишке ашырылган. Бул изилдөөдө мектепке чейинки курактагы кенже тайпадагы балдарды бөтөн тилдүү коммуникацияга окутуп-үйрөтүүнүн жалпы теориялык негиздери талданган, мектепке чейинки курактагы кенже тайпадагы балдарды бөтөн тилдүү коммуникацияга окутуп-үйрөтүүнүн мазмуну аныкталган, аягында ушул курактагы балдарды бөтөн тилдүү коммуникацияга окутуп-үйрөтүүнүн технологиясы сунушталган [13].

Ошентип, жомоктун каражаттары менен балдардын кебин өнүктүрүү проблемасы педагогика илиминде буга чейин эле жетиштүү деңгээлде изилденип келген. Жогоруда кеп болгон эмгектердин мазмунунан байкалгандай, аталган маселеге байланыштуу изилдөөлөрдө проблеманын ар түрдүү аспектилери ар тараптуу каралган. Демек, бул эмгектерде алынган корутундулар жана тыянактар, илимий натыйжалар биздин магистрлик диссертациябызды аткаруу үчүн олуттуу теориялык-методологиялык негиз болуп бере алышат.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Акулова, О. В. Устное народное творчество как средство развития выразительности речи старших дошкольников / О. В. Акулова / Дисс. … к.п.н. – Санкт-Петербург, 1999. – 204 с.
2. Братухина, М. Н. Устное народное творчество как средство формирования творческой активности детей 5-6 лет / М. Н. Братухина / Дисс. … к.п.н. – Москва, 2000. – 189 с.
3. Корякина, М. И. Формирования основ межкультурного общения младших школьников средствами народных сказок / М. И. Корякина / Дисс. … к.п.н. – Якутск, 2002. – 165 с.
4. Лашкова, Л. Л. Воспитание культуры речи у старших дошкольников средствами народной педагогики / Л. Л. Лашкова / Дисс. … к.п.н. – Екатеринбург, 2000. – 149 с.
5. Лукьяненко, В. Н. Приобщение детей старшего дошкольного возраста к народной культуре в художественной деятельности: на материале сказок / В. Н. Лукьяненко / Дисс. … к.п.н. – Ростов-на-Дону, 2003. – 245 с.
6. Меркурьева, Т. В. Методика работы с авторской сказкой в соотнесении с фольклорными источниками на уроках литературного чтения в начальных классах / Т. В. Меркурьева / Дисс. … к.п.н. – Москва, 2012. – 209 с.
7. Никеева, М. М. Формирование основ нравственных представлений у младших школьников посредством народных сказок / М. М. Никеева / Дисс. … к.п.н. – Йошкар-Ола, 2006. – 167 с.
8. Никитченков, А. Ю. Развитие читательских умений младшего школьника в процессе работы с художественным миром произведений русского фольклора / А. Ю. Никитченков / Дисс. … к.п.н. – Москва, 2002. – 249 с.
9. Пищухина, О. Н. Влияние волшебной сказки на словесное творчество детей седьмого года жизни / О. Н. Пищухина / Дисс. … к.п.н. – Москва, 2000. – 181 с.
10. Семенченко, И. В. Психолого-педагогическое изучение и коррекция восприятия и понимания невербальной информации младшими школьниками с нарушением интеллектуального развития: на материале сказок / И. В. Семенченко / Дисс. … к.п.н. – Бийск, 2005. – 250 с.
11. Сидорова, Л. А. Использование народных сказок в нравстенном воспитании детей старшего дошкольного возраста / Л. А. Сидорова / Дисс. … к.п.н. – Чебоксары, 2001. – 191 с.
12. Трыгуб, И. С. Лингвометодический потенциал народных сказок в обучении русскому языку как иностранному младших школьников / И. С. Трыгуб / Дисс. … к.п.н. – Москва, 2006. – 177 с.
13. Хабибрахманова, Ф. Р. Контекстное обучение иноязычной коммуникации детей младшего дошкольного возраста: на материале сказочного сюжета английского языка / Ф. Р. Хабибрахманова / Дисс. … к.п.н. – Пермь, 1997. – 213 с.